| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ | ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

# БУЙРУК

2024-жылдын 3-октябры № 166 Бишкек шаары

**«Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасы жылуулук энергиясын өндүрүү, сатуу жана бөлүштүрүү боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугуна лицензияларды берүү жөнүндө**

«Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9, 15 жана 18-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жобонун 11-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2024-жылдын 3-октябрындагы отурумунун № 08/51 протоколун эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. «Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасы жылуулук энергиясын өндүрүү боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу менен лицензия берилсин (Серия I Департамент ТЭК № 000137).

2. «Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасы жылуулук энергиясын сатуу боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу менен лицензия берилсин (Серия I Департамент ТЭК № 000138).

3. «Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасы жылуулук энергиясын бөлүштүрүү боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу менен лицензия берилсин (Серия I Департамент ТЭК № 000139).

4. «Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасы Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү тутумунун, Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплекси чөйрөсүндөгү

мыйзамдарынын талаптарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин чечимдерин милдеттүү түрдө аткарууну камсыз кылсын.

5. «Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасы төмөнкүлөр милдеттендирилсин:

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин суроо-талаптарына ылайык маалыматтарды үзгүлтүксүз жөнөтүү;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча Департаменттин 2024-жылдын 25-январындагы № 17 «Отун-энергетикалык комплекси тармагында ишмердүүлүктү ишке ашыруу боюнча кварталдык отчеттордун формаларын бекитүү жөнүндө» буйругуна ылайык отун-энергетикалык комплекси тармагында лицензияларды алышкан ишмердүүлүктү ишке ашыруу боюнча отчетту квартал сайын берүү.

6. Лицензияларды алуу үчүн берилген документтердин толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Нарын шаардык «Нарын жылуулук берүү» муниципалдык ишканасынын жетекчисине жүктөлсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин лицензиялоо жана контролдоо башкармалыгы отун-энергетикалык комплекси жаатындагы иштин айрым түрлөрүнө лицензиялардын реестрине тийиштүү маалыматтарды киргизсин.

8. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо жагы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**